КАРЕГИМДЕ МЕКЕН ЧЕГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРА КЫЗМАТЫ

# Чегарада / На границе

ЯНВАРЬ, 2018-ЖЫЛ / №1 (167)

www.gps.gov.kg



# 2017 ГОД: ПОЗИТИВНЫЕ СДВИГИ ЕСТЬ!



**На базе войсковой части 2026 26 января 2018 года состоялось совещание по подведению итогов служебно-боевой деятельности Государственной пограничной службы в 2017 году.**

В мероприятии приняли участие начальник Генерального штаба ВС КР генерал-майор Р.Дуйшенбиев, руководство Государственной пограничной службы, органы управления и командование соединений и частей ГПС КР.

В рамках повестки дня участники совещания обсудили результаты служебно-боевой деятельности пограничного ведомства в 2017 г. и определили задачи на 2018 год.

Как было отмечено, обстановка на государственной границе в 2017 г. сохранялась стабильной. В прошлом году зафиксировано 14 пограничных инцидентов, что на 6 инцидентов меньше, чем в 2016 году (20 инцидентов). Из них: на кыргызско-таджикском участке – 10; на кыргызско-узбекском участке – 4 инцидента.

В 2017 году пограничное ведомство реализовало комплекс мероприятий, включивший в себя активную работу с населением и органами самоуправления приграничных территорий, обучение местных органов власти; эффективное взаимодействие с пограничными структурами сопредельных государств; участие в международных специальных пограничных операциях и учениях.

Основные усилия ГПС КР были направлены на совершенствование пограничной инфраструктуры: ведется капитальное строительство 15 объектов. Особое внимание уделялось решению материально-технических вопросов. Так, подразделения ГПС КР, в том числе и отдаленные высокогорные заставы, полностью обеспечены продовольствием и ГСМ согласно установленным нормам.

Начальник ГШ ВС КР генерал-майор Раймберди Дуйшенбиев, выступая на совещании, определил основные направления реализации программы правительства Кыргызской Республики «Жаны доорго - кырк кадам» в части обеспечения пограничной безопасности. Глава Генерального штаба ВС КР сделал акцент на преобразованиях, происходящих в Вооруженных силах в целом, таких как: расширение полномочий командования войск (Сил), соединений и войсковых частей ВС КР, усиление роли офицерского корпуса, восстановление института прапорщиков, а также актвное решение социальных вопросов военнослужащих.

Он обратил внимание руководителей ГПС КР на повышение качества организации служебно-боевой деятельности в 2018 году и повышение уровня профессиональной подготовки военнослужащих, а также усиление взаимодействия с органами местного самоуправления. Генерал-майор Р.Дуйшенбиев заострил внимание участников совещания на вопросах противодействия коррупции, особенно при решении кадровых вопросов и в деятельности органов пограничного контроля.

*(Продолжение на стр. 2)*

## ТЕҢИР ТООЛУКТАР ЖАҢЫ КОНУШТУУ БОЛУШТУ



3

## БАТКЕН ОБЛУС ЖЕТЕЧИСИ ЧЕК АРАЧЫЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ



4

## ДОСТУК, КҮЖҮРМӨН БООРДОШТУК ЖАНА КҮЧТҮҮ АСКЕРДИК КОЛЛЕКТИВ!



5

# 2017 ГОД: ПОЗИТИВНЫЕ СДВИГИ ЕСТЬ!







*(Начало на стр. 1)*

Участники совещания обсудили вопросы воспитательной работы с личным составом, отмечая необходимость усиления контроля над соблюдением военнослужащими личной безопасности, повышения ответственности медицинских работников в профилактике заболеваний среди личного состава. Акцент был сделан на повышении боеготовности войск, укреплении воинских коллективов.

Подводя итоги совещания, председатель ГПС КР полковник Уларбек Шаршеев обозначил позитивные сдвиги в служебно-боевой деятельности ведомства и отметил отдельные недостатки и упущения. Глава пограничного ведомства потребовал от командного состава ГПС КР усилить контроль над исполнительской дисциплиной и принимать жесткие меры в борьбе с коррупционными проявлениями на границе.

«Перед нами стоят сложные задачи - в рамках интеграции Кыргызстана в ЕАЭС нам предстоит практическая реализация “дорожной карты”, в которой обозначен комплекс мероприятий по укреплению государственной границы: выставлению новых пограничных подразделений, их оснащению современным оборудованием и техникой, обустройству и приведению пунктов пропуска к международным стандартам. Мы также продолжим работу по решению социальных вопросов военнослужащих. Выполнение этих задач позволит нам адекватно реагировать на новые вызовы и угрозы и обеспечить пограничную безопасность как республики, так и всего Центрально-Азиатского региона», - подчеркнул полковник У.Шаршеев.

В 2017 году за нарушение государственной границы - задержаны 218 человек; за нарушение режима госграницы -243 человека; за нарушение пограничного режима - 24 человека.

Пограничники обнаружили и изъяли: оружие – 37 ед. (нарезных – 9 ед., гладкоствольных – 28 ед.), боеприпасы – 273 шт., комплектующие – 18 шт., холодное оружие – 8 шт., 1 снаряд, 1 сигнальный пистолет, а также наркотические вещества.

В прошлом году пограничники задержали контрабанду на общую сумму более 12 500 000 сомов. Кроме того, за нарушение режима госграницы и пограничного режима были выплачены штрафы на сумму 642 300 сомов, что является лучшим показателем за все 5 лет ведения административной практики.

Подводя итоги служебно-боевой деятельности ГПС КР в 2017–ом году, глава пограничного ведомства отметил военнослужащих и подразделения, показавших лучшие результаты, но при этом подчеркнул, что многим подразделениям призы вручаются авансом, потому что у них есть недостатки, над которыми надо работать.

“Тем не менее, нельзя не отметить те положительные сдвиги, которые там происходят. Мы пересмотрим некоторые аспекты оценки служебно-боевой деятельности соединений и частей для того, чтобы более объективно подходить к анализу СБД подразделений”, - сказал полковник У.Шаршеев.

В ходе церемонии награждения пбыли объявлены победители в восьми номинациях. Так, тройку победителей среди подразделений границы возглавила пограничная застава “Кулунду” в/ч 2021.

Первое место среди пограничных отрядов по праву занял Баткенский пограничный отряд. Лучшим среди подразделений специального назначения был по праву признан спецназ “Бору” в/ч 2021. Бойцы этого подразделения несут службу в спартанских условиях. Здесь пока нет современных казарм со всеми удобствами, тренажерных залов с кондиционерами, но, тем не менее, военнослужащие этого спецподразделения показывают высокий уровень боевой выучки.

Международный КПП “Кызыл-Бель -автодорожный” стал первым среди пунктов пропуска. А лучшие результаты среди управлений ГПС КР по областям показало управление ГПС КР по Баткенской области.

Кстати, само управление ГПС КР по Баткенской области и его части, и подразделения уже не первый год занимают призовые места. Несмотря на то, что участок охраняемой границы у них достаточно сложный, тем не менее и командование, и личный состав прилагают все усилия для решения проблемных вопросов.

“Уже несколько лет подряд количество инцидентов на кыргызско-таджикском участке государственной границы остается высоким по сравнению с другими участками границы. Но наблюдается тенденция к снижению количества пограничных конфликтов. В этой связи мы проводим большой объем работы, не забывая при этом о решении социальных вопросов таких, как обеспечение жильем военнослужащих, совершенствование пограничной инфраструктуры”, - отметил начальник управления ГПС КР по Баткенской области полковник Замирбек Мийзаев.

Впервые за пять лет ведения административной практики в ведомстве было определено подразделение, у которого все штрафы за нарушение режима госграницы и пограничного режима были оплачены в полном объеме – это в/ч 2030. Такой результат был достигнут благодаря развернутой разъяснительной работе среди населения, которую провел личный состав в/ч 2030.

“Приятно, что мы смогли добиться таких результатов и наш труд был отмечен руководством ведомства, - поделился радостью командир в/ч 2030 полковник Бакытбек Жангазиев.- Мы действительно провели большую разъяснительную работу с теми, на кого были наложены административные штрафы, и вообще с населением приграничной территории, объясняя им законодательство в пограничной сфере, их права и обязанности”.

Приказом председателя ГПС КР передовые подразделения и военнослужащие, были отмечены ведомственными медалями, грамотами и денежными премиями.

Итоги служебно-боевой деятельности ведомства подведены, впереди у нас решение новых задач, но неизменным остаются главные принципы службы – верность долгу и товарищам, любовь к родным, близким и Родине – все, что составляет нравственные ценности любого человека и, в первую очередь, человека в погонах.



Г. Борубаева.

# ТЕҢИР ТООЛУКТАР ЖАҢЫ КОНУШТУУ БОЛУШТУ

**2017-жылдын 29-декабрында КР МЧКнын Нарын чек ара башкармалыгынын өздүк курамынын кызматкерлери үчүн жаңы курулган турак-жайдын ачылыш салтанаты болуп өттү.**

**Мындай жаңы жыл алдындагы кубанычтуу иш-чарага КРнын Өкмөт башчысы Сапар Исаков, , КР МЧКнын төрагасы полковник Уларбек Шаршеев, КРнын Өкмөтүнүн Нарын облусу боюнча ыйгарымдуу өкүлү А. Кайыпов жана аскер бөлүктүн жетекчилиги менен өздүк курамдын үй-бүлөө мүчөлөрү катышты.**

**«Акыркы жылдары куралдуу күчтөр жана укук коргоо органдары үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча бир катар чаралар кабыл алынган. Өлкөнүн экс-президенти Алмазбек Атамбаев тарабынан аталган түзүм кызматкерлери үчүн турак-жайларды пайдаланууга берүү боюнча активдүү иш башталган. Бул өлкөдө жакшы салтка айланды жана келечекте улантылышы зарыл», – деп белгиледи Сапар Исаков.**

**Премьер-министр чек арачыларды жаңы конушу менен куттуктап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан жаңы турак-жайлардын аймагын көрктөндүрүү үчүн элүү мин сом акчалай сертификат тапшырды.**

**Ушул күндү үй-бүлөөсү менен көптөн бери күткөн аскер кызматкерлерди сөзгө тарттык.**





## МАЙОР МАКСАТ ДАИРОВ:

## “РАХМАТ АЙТКЫМ КЕЛЕТ”

**Аскердик бөлүктүн чек ара кайтаруу бөлүмүнүн улук офицери майор Максат Даиров дагы бир бөлмөлүү батирдин ачкычы колуна тийип, кубанычы койнуна батпай турган чагы. Ал 2001-жылдан бери аскердик кызматта. Анын кубанычы менен тең бөлүштүк.**

**Максат, айтсаңыз,жаңы үй алган офицердин ички сезимдери кандай болот экен?**

Албетте, көңүл көтөрүлүп, эртеңкиге болгон ишеним артып, ар кандай тиричилик деңгээлиндеги маселелерге алаксыбай, кызмат өтөгөнгө шарт түзүлөт экен. Үйлүү-жайлуу болгондо канатты кенен жайып, үй-бүлөлүк, тирчиилик маселелерин ойлобой жеңилдеп калат экенсин. Чек ара кызматы бизге кам көрөт деп ишеним артып, кызматты аткарууда ого бетер көңүлдүү аткарып, берилип иштейт экен адам. Учурдан пайдаланып, аскерлердин социалдык шартын оңдоого көңүл бөлүп, чоң аракеттерди жасап жаткан биздин Чек ара кызматына, Өкмөткө чоң ыраазычылык билдирип кетмечимин. Рахмат айткым келет.

**Батирлүү болгонуңарды үй-бүлөңүз кандай кабыл алды?**

Келинчегим абдан кубанып, төбөсү көккө жетип жатат.“Мындай парда тагам, мындай мебель коём” деп аябай көңүлдөнүп, көп жылдан берки кыялдары ишке ашып, пландары менен күндө бөлүшүп (күлүп). Убактылуу болгондон кийин интерьерди коозодоп, мебель-себелди жараштырып коюуга деле көңүл чаппайт экен.Буга чейин акы төлөп, ар кандай батирлерде жашадык. Былтыртан бери эле 4000 сомдон 8000 сомго чейин акы төлөп, 4 батир алмаштырып көчүп-конуп жүрдүм.

## МАЙОР АЗАМАТ САТЫБАЛДИЕВ:

## “МАМЛЕКЕТ МАГА ИШЕНИМ АРТЫП, ҮЙ БЕРИП ЖАТКАНЫНА РАХМАТ”

**Тайлак Баатыр атындагы 2025 аскердик бөлүктө кызмат өтөгөн күжүрмөн даярдык жана тарбия иштери бөлүмүнүн улук офицери майор Азамат Сатыбалдиев жаңы батирден алганга чейин шаар ичинде айына 4000 сомдон төлөп, батирде жашап жаткан. Ал 2009-жылдан бери акча төлөп, батирде туруп келет. Үй-бүлөлүү. Жаңы курулган үйдөн бир бөлмөлүү батирдин ачкычы колуна тийди.**



**Азамат, мамлекет аскер адамдарына кам көрүп, болушунча аракетин жасап, мына үйлүү да кылып жатат. Буга сиздин оюңуз?**

Албетте, өтө позитивдүү. Эмендүүлүк жылдарынын ичинде мамлекетибиз көп нерсени башынан өткөрдү. Кыйналды, ач болду, ток болду. Бирок, акырындап стабилдүүлүк орноп, мына минтип аскерлер четинен үйлүү болуп жатабыз. Бир белгилүү полководец айткандай, ким өзүнүн аскерлерин тойгузбаса, ал башкалардын аскерин тойгузат эмеспи. Учурдан пайдаланып, аскерлерге кам көрүп, алардын социалдык абалын оңдоого аракет кылып жаткан Чекара кызматына ыраазычылык билдирип кетким келет.

**Үй-жайлуу болгон аскердин сөзү?**

Орустар айтат эмеспи “один переезд равна двум пожарам” деп. Үйлүү болгончо көп эле батирге көчүп-конуп жүрдүм. Батир акысынан да көчүп-конгондун чыгымы канча? Анан үй-жайга сарсанаа болуп, “батирдин кожоюну качан чык дейт экен” деп, оюң бөлүндү болуп турса, албетте бул кызмат өтөгөнгө да кедергисин тийгизет. Мамлекет мага ишеним артып, менин кызматымды баалап, үй берип жатканына рахмат. Мындан ары да болгон күчүмдү жумшап, чек арабызды көздүн карегиндей сактап, кызмат өтөй бермекчимиин.

## УЛУК СЕРЖАНТ НУРЗАТ ТУКУЕВА:

## “АСКЕРДИК КЫЗМАТ ЭРКЕК-АЯЛ ДЕП БӨЛБӨЙТ”

**2025 чек ара аскердик бөлүгүндө 16 жылдан бери чек ара кызматында кызмат өтөп келе жаткан улук сержант Нурзат Тукуева аскер шаарчасында көп жылдан бери жашайт. Жаңы үйдөн батирлүү болгон коллегаларын кубанычын тең бөлүшүп, ар жерде көчүп конуп жүрүп аскер кызматындагы жолдошуна ар дайым жөлөк-таяк болуп, аны менен аскердик кызматтын ачуу-таттуусун бирге татып жүргөн аля заты үчүн өз үй өлөң төшөктүү болуу башкача бакыт экендигин белгиледи. Деги эле, эркектер менен тентайлашып аскердик кызмат өтөп, айрымдарга үлгү болуп келе жаткан айым катары каармаНыбыз менен ат жалында маек курдук.**



**Аял жана аскердик кызматтын айкалышы сиз үчүн?**

Аял менен аскердик кызматтын айкалышы эң эле жакшы деп эсептейм. Аялдарга аскердик кызмат өтөө албетте оор, бирок абдан сыймыктуу. Мекенге кызмат кылам деген сезимдин өзү эле айтып жеткире алгыс сезим. Аялдардын аскердик кызмат өтөгөнү эркектерге да стимул болот. Алсыз деген, назик деген аялзаты аны менен бирдей автомат кармап, бирдей кыйынчылыктарды тартып жатканын көргөндө алар шерденип, чыйрак болуп, алрга өрнөк болууга аракет кылышат.

**Аял деген бул эне. Ал эми аскер эне?**

Бардык нерсенин башаты аялзат. Бардык нерсени аял уюштурат, аял себепкер. Эгер эне аскер адамы болсо бул анын балдары үчүн кошумча стимул, алары мекенчилдикке тарбиялоодо чоң түртку. Мен чек араны коргоп, ата мекенге кызмат кылганыма сыймыктанам. Балдарым болсо мени менен сыймыктанат, мекенчилдикке умтулушат. Менин жаштыгым аскердик кызмат менен өттү. Аскердик кызмат – менин жашоом.

**Балдар демекчи, балдарыңыздын ичинен сиздин жолду жолдоп, аскер кызматкери болгусу келгендери бардыр?**

Жолдошум да көп жыл аскер кызматында иштеп, пенсияга чыккан. Учурда төрт баланы тарбиялап жатабыз. Экөөбүздүн жашообуздан үлгү алган улуу балабыз мына жакында аскердик кызматын өтөп келди. Кызмат кылган аскердик бөлүктө мактоого татыктуу болуп, командиринен кол саат алды, сержант наамына ээ болду. Бу да болсо ата-эненин балага көрсөткөн тарбиясынан деп түшүнөм. Ошол аскердик бөлүктө кызмат өтөп жүргөн кезинде 23-февралга карата көркөм окуш керек экен. Мага Бөкөнбаевдин “Чептен эрдин күчү бек” деген чыгармасы аябай таасир берген эле убагында. Уулума ушул чыгарманы окуп бербейсиңби деп сунуш кылдым. Бардыгына жагып балдардын арасында көзүнө жаш алгандар да болуптур. Бул чыгарма чындыгында өтө мекенчил мүнөздө. Эне катары жаш муунду мекенчилдикке тарбиялоодо ушул чыгарма аркылуу аз да болсо салым кошконума өзүнчө кубанып калдым.

**Жыйынтыктап айтканда аскер айымы деген ким?**

Аскердик кызмат эркек-аял деп бөлбөйт. Мекенге кызмат кылам деп ант бердиңби, демек керек убакта “мен аял элем, назик элем” деп отурбастан мекен үчүн кан төгүүгө да даяр болуу керек.

М.Абдылдаева.

# ЭРДИГИ ЭЛДИН ЭСИНДЕ






Каракол шаарындагы Алиман Жангорозова атындагы жаңы конуштун бир көчөсүнө чек араны коргоодо каза болгон Александр Барыкиндин ысымы ыйгарылды.

Ачылыш аземге КР МЧКнын Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгынын өздүк курамы, Каракол шаарынын мэри Д.Арпачиев, шаардын жашоочулары, маркумдун бир туугандары, шаардагы ар улуттун өкүлдөрү, шаардык депутаттар катышты.

Анда А.В.Барыкиндин эрдигине таазим кылынып, бир мүнөттүк тыныгуу жарыяланды. Сөз сүйлөгөндөр мекенин коргоп, каза болгон А. Барыкиндин баатырлыгын эскеришти. Ысымы жазылган тактаны шаар мэри жана шаардык кеңештин төрагасы расмий ачып, замандаш, достору ага арнаган ырларын окуп беришти.

Чек арачылардын атынан сүйлөгөн подполковник Ч. Кебекбаев өз сөзүндө: “2028 аскер бөлүгүнүн тарыхында калган Александр Барыкиндин эрдиги ар дайым эсибизде болот. Ал Мекен алдындагы атуулдук милдетин татыктуу аткара алды. Ар бир адам эле өз өмүрүн тобокелге салып, мекендештеринин коопсуздугу үчүн курман боло албайт. Бул инсандын мындай айбаттуулугу менен сыймыктана алабыз. Ар бир жоокерге, аскер кызматкерине үлгү боло турган эрдик көрсөтө алды. Анын эли үчүн кылган эрдиги жөнөкөй жарандардын мамлекеттик чек араны кайтарууда салымы эбегейсиз зор экенинен кабар берип турат. Биз, чек арачылар анын жаркын элесин түбөлүккө жүрөгүбүздө сакталат. Александр Барыкиндин кайталангыс эрдиги менен эли-жерине болгон сүйүүсүн жана берилгендигин тастыктай алды ” – деп баса белгиледи.

Ал эми бир тууган иниси Сергей Барыкин: «Мен үчүн агам дайыма абройлуу адам эле. Ал мага дайым кеңешин берчү. Мекенди сүйүүнү, ата-энени сыйлоону үйрөтчү. Биз 4 бир туугандыз. Александр улуусу, мен кичүүсү болом. Анын атын өчүрбөй, ысымын көчөгө ыйгарып бергениңерге чоң рахмат. Арбагы ыраазы болсун. Өзүнүн бир уул, бир кызы калды», - деп билдирди.

Баарыбызга белгилүү болгондой, А.В.Барыкин 2014-жылы кыргыз-кытай чек арансын бузуп киргенчет элдик канкорлор менен кармашуу учурунда каза болгон.

Каргашалуу окуя 2014-жылдын 23-январында болгон. Аңчылык чарбасынын кызматкери Александр Барыкин аңчылык лагерине кайтып келе жатып, 2028 аскер бөлүгүнө караштуу «Ак-Шыйрак» чек ара кызмат бөлүмүнө караштуу «Пикертык» жылынуучу жайынын аймагында 11 адамдан турган белгисиз топту жолуктурган. Ал белгисиз топ менен маектешүүгө аракет кылып, бирок алардын шектүү экендигин байкаган соң «Пикертык» жылынуучу жайына барып, ал жердеги ошол күнү нөмөттө турган чек ара ыйгарымдуу өкүлүнө маалымдаган. Аны өз кезегинде «Ак-Шыйрак» чек ара кызмат бөлүмүнө кабарлоосун өтүнгөн. Ал эми өзү шектүү топту туткундоо аракетин көргөн. Кылмышкерлер А. Барыкинди өлтүрүп, анын аңчылык куралын тартып алышкан. Кармаш учурунда А.Барыкин кылмышкерлердин экөөсүн өзүнүн куралынан атып өлтүрүүгө жетишкен.

Окуя болгон жерге чек арачылар келишкенде, кылмышкерлер чек арачыларга ок чыгарышкан. Кыргызкытай мамлекеттик чек арасынан 40 чакырым аралыкта жайгашкан «Пикертык» жылынуучу жайында кылмыштуу топ чек арачылар тарабынан курчоого алынган.

Чек арачылардын багынгыла деген талабына кылмышкерлер баш ийген эмес. Андан соң атайы операциянын жүрүшүндө 2028 аскер бөлүгүнүн чек ара кезметине куралдуу каршылык көрсөткөн кылмыштуу топ башка күч түтүмдардан кошумча аскер бөлүктөрү тартылбастан Мамлекеттик чек ара кызматынын аскер кызматкерлери тарабынан жок кылынган.

А.Барыкин 1951-жылы Түп районунда туулган. Мектепти аяктагандан кийин аскерде кызмат кылган. 1973-жылы Иркутск айыл чарба институтуна тапшырып, 1977-жылы биолог-охотовед кесибине ээ болуп, кайрадан Кыргызстанга кайткан.

Облустук аңчылар жана балыкчылар коомунда иштеп, өмүрүн акырына чейин иш үстүндө болгон.

Александр Барыкин өзүнүн көрсөткөн эрдиги үчүн эң жогорку 3-даражадагы "Манас" ордени менен КР Куралдуу күчтөрүнүн ардагерлер союзунун " Коомдук ыраазычылык ордени" ордени менен (өлгөндөн кийин) сыйланган.

С.Абдыкариева.

# БАТКЕН ОБЛУС ЖЕТЕЧИСИ ЧЕК АРАЧЫЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ

**Алыскы Баткен облусундагы чек арачылардын кызматы жана жашоо тиричилиги менен жакындан таанышуу, ошондой эле жаңы жыл менен куттуктоо максатында Өкмөттүн облустагы ыйгарым укутуу өкүлү Абиш Калмурзаев бир топ чек ара заставаларына барып келди.**

Алгач, декабры айынын аягында А. Калмурзаев КР МЧКнын Баткен чек ара башкармалыгынын башчысы полковник З. Мийзаев жана Баткен чек ара отрядынын башчысы полковник К. Рыскуловдун коштоосунда коңшулаш Тажик Республикасы менен чектешкен “Тамдык”, “Капчыгай” чек ара заставаларына барышкан. Жеринде заставадагы жоокерлердин нөөмөттүк кызматы кандай өтүп жаткандыгы, тамакашы, жатаканасы, кийим кечеси камсыздалуусу менен кененирээк таанышып, чек арачылар менен өз ара баарлашты.

Андан сырткары заставанын өздүк курамы жана алардын үй-бүлөө мүчөлөрүн жаңы жылы менен куттуктап, таттуу белектерди тапшырды. Мекен чегинде турган жоокерлер үчүн “Аксай” орто мектебинин окуучулары дагы келип, өздөрүнүн чаккан концерттик программасын тартулашты.



Ал эми жыл жаңыраары менен Баткен облустук администрация башчысы кайрадан чек ара заставаларына сапарын улантты.

Бул жолу 15-январда Абиш Халмурзаев 2023 аскер бөлүгүнүн “Бел” чек ара заставасында болду. Чек ара заставасында аскер бөлүктүн башчысы полковник Кыялбек Бекназаров застава, өздүк курам тууралуу толук маалыматтарды берип, муктаждыктарды, жана жетишкендиктерди маалымдады.



Өз кезегинде ыйгарым укуктуу өкүл чек арачыларга белектери менен барып,алары жаңы жылдары менен куттуктады. Заставанын шартын көрүп чыккан өкүл, чек арачылардын бөлмөлөрү жылуу, көмүр отун, азык түлүктөрү камдалган, дары дармектери жетиштүү экендигине күбө болду.

“Бел” чек ара заставасынын жоокерлерине менен маектешүү маалында облус башчысы аларга үч сыналгы белек кылаарын убадалады.

Чек ара заставаларына болгон иш-сапарында КР-нын ыйгарым укутуу өкүл Абиш Калмурзаев чек арачылардын кызматынын татаалдыгына карабастан коопту шарттарда ак ниет менен кызмат кылып жаткандыгына ыраазы болду. “Баткен облусунда Тажикистан жана Өзбекистан менен чектеш аймактардар такталбаган жерлер көп болгондуктан чек ара дайыма көңүл чордонунда. Мындай аймактарда тынчтыктын сакталышы дал ушул сиздердин жоопкерчилигиңиздерда жана Кыргызстандын улуттук коопсуздугун коргоодо алдыңкы катарда турасыздар. Андыктан облустук администрация дагы өздүк курамга мыкты шарттарды түзүп берүүгө мүмкүн болушунча жардам берип турат” – деди Абиш Калмурзаев.

С.Абдыкариева.

# Достук, кужурмөн боордоштук жана күчтүү аскердик коллектив!

**2018 жылдын январь айында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматынын бардык аймагында «Достук, кужурмөн боордоштук жана күчтүү аскердик коллектив!» аталышындагы акциянын жүрүшү башталды.**



Бул ири масштабдагы иш чара чек ара ведомствосунун бардык аскердик бөлүктөрдө өткөрүлө баштады. Акциянын идеясын 2022 аскер бөлүгүнүн «Чарбак» чек ара заставасынын өздүк курамы сунуштаган.

«Биздин коллективде ар бир аскер кызматкеринин өзүнүн кулк мүнөзү, жашоодогу принциптери жана калыптанган өз ой-пикирлери бар. Бирок биздин башкы милдет мамлекеттик чек араны кайтаруу болгондуктан, бул милдет бизди бириктирет, анткени, ар бирибиз өлкөбүздүн коопсуздугун камсыздоону биринчи орунга койгонбуз», - деп жооп берди «Чарбак» чек ара заставасынын аскердик кеңешинин төрагасы сержант Пиримберди Абдиев.

«Достук, кужурмөн боордоштук жана күчтүү аскердик коллектив!» аталыштагы акцияны өткөрүү идеясы капысынан келип чыккан жок. «Биз өлкөбүздө жана биздин ведомстводо болуп жаткан ар кандай окуяларга көз салып жатабыз – деген сержант П.Абдиев, - алардын баарын көрүп туруп четте тура албайбыз, андыктан өз саламыбыздын кошууга бардык аракетерибизди көрөбүз», – деп кошумчалады.

Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүндө болуп жаткан терс окуялар, коррупциялык фактылар КР МЧКнын аскер кызматкерлерин адамдардын кылмыш кылууга, өз жанын кыйууга эмне себеп болуп жаткандыгы терең ойлондурду.

«Биз бул теманы көтөргөнүбүздүн себеби бир гана аскер кызматкеринин намысын коргоо эле эмес, жөнөкөй адамдын башына кыйынчылык келгенде ага жардам көрсөтүп туура кеңеш берип, кылмышты болтурбоонун алдына алуу аракеттерин көрүүнү чечтик. Биз аскер кызматкерин кылмыш кылуунун алдында, анын жазасы кандай болоорун, коомчулуктун каарына калаарын ойлонуп, мындай терс көрүнүштөр аскердик кызматтын аброюна шек келтирип жаткандыгын ойлонууга чакыруу аракеттерин көрүп жатабыз. Дал ушул «Чарбак» чек ара заставасынын аскердик коллективинин КР МЧКнын өздүк курамына кайрылуусу ушул масштабдуу иш-чараны өткөрүүгө импульс берди», - деди КР МЧКнын тарбия иштер башкармалыгынын башчысы полковник Раимбек Турдалиев.

Маекти андан ары «Чарбак» чек ара заставасынын башчысы улук лейтенант Мырзакмат Амирбеков: «Биздин кайрылуубуз – бул негизинен чоң-ата, аталарыбыздын эрдиктерин эске салуу жана аскердик боордоштуктун баалуулуктары деп эсептелген ишенимдүүлүк, чын дилдүүлүк, сый-урмат, ар кайсы учурда жардамдага келе калуу мүнөздөрдү сактап калуу, керек болсо кайрадан жандандыруу», - деген оюн улантты.

Ишенсеңиздер, күнүмдүк кызматтык ишмердүүлүктө: документтерди өз маалында аткаруу, саптык, кужурмөн, ок атуу сыяктуу даярдыктар деп жүгүрүп жүрүп аскер кызматкеринин адамдык сапаттарын көрбөй калып жатабыз. Анын адамдык касиеттерин, кубаныч-кайгысын, өзгөчөлүгүн, кемчилигин көрө билүү жок болуп баратат. Балким бир аскер кызматкерине ушул маалда апасы чалып кредитти төлөй албай жаткандыгын айтып кайгырып атса, дагы бир жоокерге сүйгөн кызы кат жазып, башка жигитке турмушка чыккандыгын, аны аскерден күткөндөн жадагандыгын кабарлап аны көңүлүн оорутат. Ушул маалда анын ички дүйнөсүн аңтарылып, кызматка эле эмес жашоого болгон кызыгуусу кетип жаткан учур болушу анык. Бул абалда бирөөсү батыраак акча табууга далбаластаса, экинчиси өзүн-өзү өлтүрүүгө аракет жасоо менен маселени чечкенге шашылып жаткандар. Дал ушундай учурда зээрге командир өздүк курамдын жеке-турмушу менен жакындан тааныш болуп, анын үй-бүлөөсү, ата-энеси, бир туугандары жөнүндө кенен маалымат алып, алар менен маектешип, көйгөйлөрүн чечип берүү үчүн жардамын, жок дегенде кеңешин берсе дагы бул чоң жетишкендик болоор эле.

Мына ушундай камкор башчылары биз бүгүнтөн тарбиялап, алардын коллектив алдында лидерлик сапатын жогорулатып, ал ар бир аскер кызматкери үчүн жоопкерчилигин алууга даяр болууга үйрөтүшүбүз керек.

«Биздин алдыбызда башкы милдет турат - ал аскердик жолдошчулук салтын улантуу жана сактап калуу. Биз, ардагерлер, жаңы муундун офицерлери менен өзүбүздүн билимибиз, тажрыйбабыз менен бөлүшкөнгө ар дайым даярбыз. Чыныгы достук деген -китеп, таалим-тарбия жана билим менен келээрин жаш муунга жеткирүү», - деп баса белгиледи чек ара кызматынын Ардагерлер кеңешинин төрагасы Чолпонбек Буржуев.

Өтүп жаткан акция жөнүндө ой жүгүртүп жатып, мен өзүмдүн муунумдун эң жакшы мезгилде жаралгандыгына сыймыктандым. Себеби биз ал кезде Эрих М.Ремарктын «Үч жолдош» («Три товарища»), Александр Фадеевдин «Жаш гвардия» сыяктуу адабий чыгармаларын окуп, алардын таасири менен «тимурчулар» отряддарын түзүп, улгайгандарга жардам берип, досторубузду жамандыкта таштабай, жигиттер кыздарды коргоп, ооруп калган курсташыбыз үчүн дарысына акча чогултуп, ал сакайып кеткичекти күнүгө кезектешип карап, ата-энеси менен кабарлашып турчубуз. Ал эми досубуздун башына кыйынчылык келгенде, андан чыгууга бүт мүмкүнчүлүгүбүздү жумшачубуз. Биз мындай аракеттерди достукту, адамкерчиликти баарынан жогору койгондуктан кылчубуз, анткени кыйынчылыкта досунду таштап кетсең ал саткынчылык барабар эле.

Балким кээ биреөлөр: ал учур башка эле, азыр заман башка, эрдикти эч ким баалайбайт деп айтаттыр, бирок ал туура эмес! Эрктүү адамдар азыр дагы бар, алар арабызда.

Редакциянын кабинетине биз кездерде жаш капитан бат-бат келип турчу. Ал Турциядагы аскер окуу жайын аяктагандыктан бизге анын чет өлкөдө окуусу, учурдагы кызматы абдан кызык эле. Бирок ал эмнегедир айтканадн тартынып, биздин суроолорго кыскача эле жооп кайтарып чыгып кетээр эле. Ошол оор басырыктуу, токтоо, уялчаак жаш офицер – капитан Курманбек Жаныбеков кийин эр жүрөк адам экенин билдик. Ал суугa түшүп кеткен жоокерди куткарам деп, анын аркасынан суугa секирип , жоокерди суудан чыгарганга жетишип, бирок, өзү тилекке каршы чыга албай каза болгон. Курманбек ошол шартта өзүн ойлобостон чыныгы командир катары милдетин аткарып – өзүн өлсөң дагы, жолдошуңду куткар деген антка бек турду. Капитан Курманбек Жаныбековдун чек арачыларды өзүнүн үй-бүлөөсүндөй көргөн, ошондуктан берген антына жана аскердик жолдошчулукка өмүрүнүн аягына чейин берилгендик менен мамиле жасады. Мына, дал ушундай адамдардан үлгү алып, эрдик жөнүндө жаштарга көбүрөөк айтып туруш керек.

Чек арачылар мамлекеттик чек арага чыгуу менен күнүгө эрдик көргөзүшөт деген сөз бекеринен айтылбаса керек. Ал эми чек арага чыкканда сенин жаныңдагы адам ишеничтүү болушу зарыл, анткени, сенин өмүрүң анын кыймыл-аракетинен көз каранды. Мына ошондуктан «Достук, кужурмөн боордоштук жана күчтүү аскердик коллектив!» акциясы бир гана үндөбөстөн, ар бир кызматкерге жашоодогу баалуулуктарды кайрадан ойлонуп чыгуу талабын коюш керек.

Тажрыйба көрсөткөндөй аскер кызматкеринин моралдык духу алардын аскерий милдеттердин ийгиликтүү ишке ашуу үчүн мурун дагы, азыр дагы негизги фактор болуп калаары талашсыз. Эгерде согуш боло турган болсо тек гана акылой байлыгы, моралдык-психологиялык күчү бара гана аскер женишке жете алаары айдан ачык. Азыр кошуундарды жаңы технология менен камсыз кылууну гана ойлобостон, алгач аскердик духту бекемдеп, адеп-ахлакты, моралдык климатты ойлоо учуру келди окшойт. Негизи эле адамдардын бири-бирине болгон ишенимин жандандыруу, достукка бек болуу, жолдошчулукка берилгендик менен мамиле кылуу мезгили келди!

Г. Борубаева



**Мамлекеттик чек ара кызматынын ардагерлер кеңеши өткөн жылы жаңы жетекчисин шайланган соң дароо ишке кирişти. Кеңештин төрагасы Чолпонбек Буржуев – чек арачы, өздүк курам менен иш алпарууда тажрыйбасы чоң, ардагерлердин көйгөйлөрүн жакындан билгендиктен январь айында аймактарда чек арачылар менен жолугушууларды өткөрдү.**

# АРДАГЕРЛЕР АР ДАЙЫМ КАТАРДА

Баткен менен Жалал-Абад облустарында ардагерлер коомунун аймактык бөлүктөрү түптөлгөн. Бул чечим 2017 жылы ноябрь айында Бишкекте өткөн чек ара кызматынын ардагерлер конференциясында кабыл алынган.

"Облустук филиалдардын түзүлүшү ардагерлерге гана эмес чек ара ведомствосуна дагы керек. Биринчиден, биз жер-жерлердеги ардагерлердин башын бириктирдик. Муну менен болгон көйгөйлөрдү жеринде чечүүгө болот, мисалы Оштогу, Баткендеги ардагерлер Бишкек чалып убара болбостон, филиалдарга кайрылып жардам ала алышат. Ошону менен бирге ардагерлер кабыл алган чечимдер ыкчам түрдө облустарда ишке ашып турушу шарттады. Экинчиден, КР МЧКнын кошумдары жана бөлүктөрүнүн жетекчилери жергиликтүү ардагерлер менен эффективдүү иш алып барат деген ишеним чоң" – деген пикирин ардагерлер кеңешинин төрагасы Чолпонбек Буржуев «Чегарада-На границе» гезитине билдирди.



Ардагерлердин чечими менен Жалал-Абад облусу боюнча жетекчи болуп камдыктагы полковник Калил Назаров шайланды. «Жалал-Абаддыктар кызмат өтөп жаткан чек арачыларга өздүк курам менен жаш муунду тарбиялоого көмөк көрсөтүүгө дайым даяр. Бизде аскердик кызмат боюнча тажрыйба көп, андыктан биз ар дайым аны менен бөлүшүүгө даярбыз», - деп Калил Назаров билдирди.

Баткен облусу боюнча ардагерлер кеңешинин төрагасы болуп бир добуш менен камдыктагы полковник полковник Асанбай Акматов шайланды.



«Биз ардактуу эс алууга чыкканыбыз менен чек ара ведомствосунда болуп жаткан иштерге байкоо салып турабыз, себеби чын дилибиз менен биздин чек арачыларга күйүп, жан тартып турабыз. Офицердик корпуска жардам берүү, жаш чек арачыларды сабак, өтүп, кеңеш берүү биздин башкы милдетибиз деп эсептейм. Ошондой эле биз, чек ара жакын аймактын жашоочулары менен активдүү иш алып барууну мерчемдеп жатабыз», - деген ойлору Асанбай Акматов бөлүштү.

Чолпонбек Буржуев Талас облусунан башка аймактардын бардыгында ардагерлер коомдору түзүлгөндүгүн маалымдады.

«Төрагалыка жаңы шайланган ардагерлер бизге чейинки иштеп кеткен ардагерлердин жолун улантабыз. Алдыда көптөгөн долбоорлор жана идеялар бар, алар сөзсүз ишке ашат деген үмүттөбүз. Азырынча ардагер-чек арачылар "Достук, боордоштук жана күчтүү аскер коллективи" деп аталган ири масштабдагы акцияга активдүү катышып жатат. Биз келечек муунга мамлекетибиздин чек арасынын түзүлүшү, баатырлары, биздин чоң-ата, аталарыбыз аскердик турмушун кантип баштарынан өткөргөндүгү, өз кесибинин кыйынчылыгы, алардын жеткен жеңиштери жөнүндө айтпасак, ким айтат? Ошондуктан ар бирибиз жашыбызга карабай аскердик катарда калдык», - деп ардагер баса белгиледи.

Г.Борубаева.

# В Кыргызстане принят новый Закон "О защите государственных секретов Кыргызской Республики"

Президент Кыргызстана Сооронбай Жээнбеков подписал Закон Кыргызской Республики «О защите государственных секретов Кыргызской Республики». Закон принят Жогорку Кенешем 2 ноября 2017 года.

Цель принятого закона состоит в создании эффективной системы и условий, направленных на сохранность государственных секретов.

Задачей закона является институциализация норм, направленных на защиту государственных интересов в области внешней и внутренней политики, социального блока, военного и технического потенциала, экономики, выраженная в государственных секретах; положений, определяющих общую направленность в вопросах защиты государственных секретов.

В целях исключения отдельных концептуальных различий, а вместе с тем сближения с законодательствами сопредельных государств о государственных секретах, новой редакцией закона проведена унификация терминологии, используемой в их национальных законодательствах, в том числе с модельным законом «О государственных секретах», принятым постановлением Межпарламентской Ассамблеей государств-участников СНГ № 21-10 от 16.06.2003 г.

Принятый закон регулирует правовые и организационные основы отнесения сведений к государственным секретам, системы их защиты, отношения, связанные с засекречиванием и рассекречиванием таких сведений, а также иной деятельности в сфере государственных секретов в интересах национальной безопасности.

«Более подробно с данным законом можно ознакомиться в газете "Эркин Тоо" от 26 декабря 2017 года N 131», - сообщил начальник отдела ЦА ГПС КР полковник Владимир Бондарь, отметив, что в случае нарушения закона военнослужащие и служащие могут быть привлечены к уголовной ответственности.

Ниже приведены выдержки из раздела X **«Преступления против государственной власти», главы 29 «Преступления против основ конституционного строя и безопасности государства»** Уголовного кодекса Кыргызской Республики:

**Статья 292. Государственная измена**

Государственная измена, то есть выдача государственной тайны либо иное оказание помощи иностранному государству или иностранной организации в проведении враждебной деятельности в ущерб внешней безопасности Кыргызской Республики, совершенная гражданином Кыргызской Республики, -

наказывается лишением свободы на срок от двенадцати до двадцати лет с конфискацией имущества.

Примечание. Лицо, совершившее преступление, предусмотренное настоящей статьей, а также статьями 293, 295 настоящего Кодекса, освобождается от уголовной ответственности, если оно добровольным и своевременным сообщением органам власти или иным образом способствовало предотвращению дальнейшего ущерба интересам Кыргызской Республики и если в его действиях не содержится иного состава преступления.

**Статья 293. Шпионаж**

Передача, а равно собирание, похищение или хранение с целью передачи иностранному государству, иностранной организации или их представителям сведений, составляющих государственную тайну, а также передача или собирание по заданию иностранной разведки иных сведений для использования их в ущерб безопасности Кыргызской Республики, если эти деяния совершены иностранным гражданином или лицом без гражданства, -

наказываются лишением свободы на срок от десяти до двадцати лет с конфискацией имущества.

**Статья 300. Разглашение государственной тайны**

(1) Разглашение сведений, составляющих государственную тайну, лицом, которому эти сведения были доверены или стали известны по службе или работе, при отсутствии признаков государственной измены или шпионажа, -

наказывается лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью на срок до пяти лет либо лишением свободы на срок до двух лет.

(2) То же деяние, повлекшее тяжкие последствия, -

наказывается лишением свободы на срок от двух до пяти лет.

**Статья 301. Утрата документов, содержащих государственную тайну**

(1) Нарушение лицом, имеющим доступ к государственной тайне, установленных правил обращения с содержащими государственную тайну документами, а равно предметами, сведения о которых составляют государственную тайну, если это повлекло по неосторожности их утрату, -

наказывается лишением свободы на срок до трех лет с лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью на срок до трех лет.

(2) То же деяние, повлекшее тяжкие последствия, -

наказывается лишением свободы на срок от трех до пяти лет с лишением права занимать определенные должности или заниматься определенной деятельностью на срок до трех лет.

**Статья 302. Передача или собирание с целью передачи иностранным организациям сведений, составляющих служебную тайну**

(1) Передача или собирание с целью передачи иностранным организациям или их представителям экономических, научно-технических или иных сведений, составляющих служебную тайну, лицом, которому эти сведения были доверены по службе или работе или стали известны иным путем, -

наказываются лишением свободы на срок до трех лет.

(2) Те же деяния, причинившие крупный имущественный ущерб государственным или общественным организациям или повлекшие иные тяжкие последствия, -

наказываются лишением свободы на срок до восьми лет.

# ТВОЕ «НЕТ» ИМЕЕТ ЗНАЧЕНИЕ

*Редакция газеты «Чегарада - На границе» продолжает диалог с читателями о мерах, принимаемых пограничным ведомством по противодействию коррупционным проявлениям.*

*Мы постоянно публикуем информацию о периодической ротации личного состава КПП, о внедрении новых технологий таких, как установка e-Gate в воздушных пунктах пропуска и о других процессах.*

*В этом номере газеты отдел собственной безопасности ГПС КР представляет материал, который будет интересен всем тем, кто непосредственно сталкивается с попытками склонения или вовлечения военнослужащих в противоправную деятельность.*

В целях реализации Указа Президента Кыргызской Республики от 2 февраля 2012 года № 26 «О государственной стратегии антикоррупционной политики и мерах по противодействию коррупции» в пограничном ведомстве был разработан и утвержден приказом председателя «Порядок уведомления военнослужащими и служащими ГПС КР о фактах обращения в целях склонения их к совершению коррупционных правонарушений, регистрации таких уведомлений и организации проверки содержащихся в них сведений, а также методические рекомендации руководителям органов пограничного контроля ГПС КР по предупреждению коррупционных проявлений и пресечению вовлечения военнослужащих в противоправную деятельность».

В соответствии с этим документом военнослужащие и служащие обязаны уведомлять руководство ГПС, начальников органов управлений, командиров соединений, частей и учреждений ГПС, органы прокуратуры или другие государственные органы обо всех случаях обращения к ним каких-либо лиц в целях склонения их к совершению коррупционных правонарушений, за исключением случаев, когда по данным фактам проведена или проводится проверка.

Невыполнение военнослужащим или служащим данной должностной (служебной) обязанности является правонарушением, влекущим привлечение его к ответственности в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

**Порядок уведомления руководства ГПС, начальника органа управления, командира соединения, части, учреждения военнослужащими и служащими о фактах обращения в целях склонения их к совершению коррупционных правонарушений:**

1. Уведомление о фактах обращения в целях склонения военнослужащих и служащих к совершению коррупционных правонарушений (далее - уведомление) осуществляется незамедлительно в письменном виде.

2. В уведомлении отражается информация согласно Перечню сведений, содержащихся в уведомлениях о фактах обращения в целях склонения военнослужащих и служащих к совершению коррупционных правонарушений (приложение №2 к настоящему Порядку).

3. Уведомление представляют:

- начальники органов управлений, командиры соединений, частей и учреждений ГПС - руководству ГПС;

- начальники (командиры) подразделений границы, боевых подразделений, подразделений обслуживания и обеспечения соединений, частей и учреждений - начальникам (командирам) соединений, частей и учреждений ГПС.

4. При нахождении военнослужащего или служащего не при исполнении служебных обязанностей, вне пределов постоянного места прохождения службы о факте склонения его к совершению коррупционных правонарушений он обязан сообщить по любым доступным средствам связи, а по прибытии к постоянному месту прохождения службы незамедлительно в установленном порядке оформить уведомление.

**Порядок регистрации уведомлений**

Регистрация уведомлений осуществляется установленным порядком согласно требованиям приказа о несекретном делопроизводстве.

Уведомления регистрируются в журнале регистрации уведомлений о фактах обращения к военнослужащим и гражданскому персоналу ГПС в целях склонения их к совершению коррупционных правонарушений (приложение №3 к настоящему Порядку).

Отказ в принятии и регистрации уведомления не допускается.

Запрещается отражать в журнале ставшие известными сведения о частной жизни заявителя, его личной и семейной тайне, а также иную конфиденциальную информацию, охраняемую законом.

Журнал хранится не менее пяти лет со дня регистрации в нем последнего уведомления.

Зарегистрированные уведомления докладываются руководству ГПС КР.

**Порядок организации проверки содержащихся**

в уведомлениях сведений

Проверка содержащихся в уведомлениях сведений осуществляется по решению председателя Государственной пограничной службы.

Организация проверки содержащихся в уведомлениях сведений осуществляется отделом собственной безопасности ГПС.

Основными целями проверки содержащихся в уведомлении сведений являются:

- установление в действиях (бездействии), которые предлагаются совершить военнослужащему или служащему, признаков коррупционного правонарушения, уточнение фактических обстоятельств склонения и круга лиц, принимающих участие в склонении военнослужащего или служащего к совершению коррупционного правонарушения;

- своевременное определение и принятие мер профилактического характера, направленных на предупреждение коррупционного правонарушения, воспрепятствование вмешательству в деятельность военнослужащих и служащих, недопущение совершения ими противоправного деяния.

Проверка осуществляется в срок, не превышающий 30 дней с момента регистрации уведомления. В случае необходимости срок проверки может быть продлен не более, чем на 30 дней должностным лицом, принявшим решение о ее проведении.

В ходе проверки проверяется наличие в представленной военнослужащим или служащим информации признаков состава коррупционного правонарушения, а также могут быть запрошены объяснения у военнослужащего или служащего, сообщившего о факте склонения его к коррупционному правонарушению.

Результаты проведенной проверки оформляются в виде заключения и докладываются должностному лицу, принявшему решение о ее проведении.

Председатель ГПС КР, исходя из результатов проверки, принимает меры, направленные на предупреждение коррупционного правонарушения, пресечение вмешательства в деятельность отдела собственной безопасности. При выявлении в ходе проверки признаков преступления руководитель ведомства действует в порядке, установленном законодательными и иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

*Приложение №2 к Порядку (п.6)*

**ПЕРЕЧЕНЬ сведений, содержащихся в уведомлениях о фактах обращения в целях склонения военнослужащего и служащих Государственной пограничной службы к совершению коррупционных правонарушений**

*1. Должность, воинское звание, фамилия, имя, отчество военнослужащего, служащего.*

*2. Описание обстоятельств, при которых стало известно о случаях обращения к военнослужащему или служащему в связи с исполнением им должностных (служебных) обязанностей каких-либо лиц в целях склонения его к совершению коррупционных правонарушений (дата, время, место, другие условия). Если уведомление направляется военнослужащим, указанным в пункте 4 Порядка, указываются фамилия, имя, отчество и должность военнослужащего, которого склоняют к совершению коррупционных правонарушений.*

*3. Подробные сведения о коррупционных правонарушениях, которые должен был бы совершить военнослужащий или служащий по просьбе обратившихся лиц (о факте обращения каких-либо лиц к иным военнослужащим в связи с исполнением должностных (служебных) обязанностей в целях склонения их к совершению коррупционных правонарушений либо о фактах совершения военнослужащими или служащим коррупционных правонарушений).*

*4. Все известные сведения о физическом (юридическом) лице, склоняющем к коррупционному правонарушению.*

*5. Способ и обстоятельства склонения к коррупционному правонарушению, а также информация об отказе (согласии) принять предложение лица о совершении коррупционного правонарушения.*

Отдел собственной безопасности.

# ИСЛАМДЫК БИЛИМДИН ЖЕТИШСИЗДИГИ ЭКСТРЕМИСТТИК ИДЕОЛОГИЯНЫН ЖАЙЫЛУУ СЕБЕБИ КАТАРЫ




### КАРА НИЕТТИКПИ ЖЕ ТҮШҮНБӨСТҮКПҮ?

Экстремизм жана терроризм “исламдык” деп айткан кишилерди эки түргө бөлсөк болот.

Биринчилерди, исламды атайылап жаман көрсөтүү ниети бар кишилер деп божомолдойлу. Бирок адамдын ниетин биз текшере албайбыз. Баланча биздин ыйык динибиздин таза экенин билип туруп, “экстремисттик жана террористтик аракеттерге жол берет” деп каралаш үчүн гезит, радио, телекөрсөтүү жана интернет аркылуу туура эмес маалыматтарды таратып жатат деп айта албайбыз. Ислам тууралуу туура маалымат динибизге жарашкан жумшак жолдор менен жеткирилсе, ал мусулманчылыкты бизден да жакшы карманып кетээрин жокко чыгара албайбыз. Исламды кабылдабаса да, аны каралоо аракетинен баш тартат деп божомолдой алабыз. Демек, биз “киши ниети жамандыгынан исламды каралап жатат” - деп эч качан айта албайбыз.

Экинчиси, адам “ислам”, “экстремизм” жана “терроризм” деген сөздөрдү билбестиктен, исламды терең түшүнбөгөндүктөн бирге колдонот.

Бул жерде да кишилерди жана топторду экиге бөлүп кароо керек. Биринчилери, жогоруда айтылгандай, мусулманчылыктан алыс, ошондуктан өздөрү билбеген исламдан чочулашат, коркот. Билбеген, түшүнбөгөн нерседен коркуу кишинин табиятында бар. Аларга ислам тууралуу түшүнүк ким тарабынан, кандай ыкма менен жеткенине байланыштуу биздин динди “экстремизм” жана “терроризм” менен байланыштырат, же тескерисинче ислам жана экстремизм менен терроризмди бирге айтуу тура эмес дешет.

Экинчи группадагы кишилер жана топтор өздөрүн “мусулманбыз” дегендер. Башкалар жана дүйнө жүзү экстремисттик, террористтик деп баамдап, кабыл алган аракеттер менен натыйжаларды булар норма катары кабыл алат.

### “МУСУЛМАН” ЭКСТРЕМИСТ ЖАНА ТЕРРОРИСТ

Эмне үчүн “мусулманбыз дегендер” деп айттык?

Дүйнөдө “мусулман террорчу” деп аталгандардын эң атактуусу “Аль-Каида” уюмунун башчысы Бен Ладен. Анын атайын исламдык илими жок. Араб улутунан чыккан кишини эле исламды терең билет деп түшүнө бербеш керек. Анын кесиби инженер. Ал бир атадан төрөлгөн 57 бир туугандын онунчусу. Исламдык жашоодон алыс, ондогон аялы бар кишинин төртүнчү жубайынын баласы. Энеси Бен Ладендин атасынан ажырашып, башка күйөөгө тийген. Бала кезинен өгөй атадан көп запкы чеккен. Ошондуктан ал тарбиясы тайкы, өз дини тууралуу маалыматы өксүк чоңойгон. Жаштайынан психикалык травмалары бар, коомго каршы таарынычы ашынган жигит болду. Бен Ладен исламды өзү калыптап алган идеяларга курал гана катары колдонгону делилденген.

Аль-Каиданын экинчи кишиси Аль Завахири кесиби боюнча медик. Анын да ислам тууралуу илимин бул жакка коёлу, дурус маалыматы бар деп айтуу кыйын.

Өзүн мусулман катары таанытып, террордук аракеттерге катышкан же терактты ишке ашырган бир да кишинин терең исламдык билими болбогону үстүртөн караштырганда эле белгилүү болуп жатат. Интернеттен бул зөөкүрлөр тууралуу маалыматты караштырганда, алар койгойлүү үй-бүлөдө чоңойгонун, же эң керектүү убакта туруктуу коомдук байланыштардан үзүлүп калган инсан экенин көрүүгө болот. Акыл-насаат айтчу эч кимиси жок, чоочун бирөөнүн пропагандасы, тукуругуна азгырылып, өзүнүн жеке таарынычтарын диний ураанга жаап-жашырып алганы оркоюп көрүнүп турат.

Исламды жамынган террорчуларга романтикалык таажы кийгизбеш керек. Алардын бул жолго түшкөнүнүн негизги себеби – бир гана исламдык эмес, жалпы сабатсыздыгы. Кандайдыр бир кесиптик жөндөмдү жакшы өздөштүрүп алганы менен тарых, коом таануу, адам укугу жана адам акысы тууралуу эч кандай түшүнүгү жок.

### МУСУЛМАН ТЕРРОРЧУ ЭМЕС

“Ислам жана мусулман террору” деген түшүнүк дүйнөдө ХХ кылымдын ортосунан кийин гана колдонула баштаган. Ага чейин “экстремизм” жана “терроризм” түшүнүгү башка кишилерге жана топторго айтылып келген. Буга чейинки он төрт кылымдык тарыхында мусулмандар буга окшогон, айбанга да жарашпаган, коркоктук, мыкаачылык аракеттерден алыс болгон.

Эгер дүйнөдө сөздү маанисине жараша жайгаштырган сөздүк чыгарылса, “ислам” түшүнүгү менен “террор” түшүнүгү алфавиттеги “А” менен “Я” тамгаларындай сөздүктүн эки учунда болмок. Анткени ислам сөзүнүн өзөктүк мааниси “тынчтык”, террордуку болсо “эч бир эрежени таанылбаган согуш”. Ошондуктан “исламдык террор” дегенде биз “тынчтык согушу” деген маанисиз түшүнүк айткан болобуз. Ушундан улам ХХ кылымдын аягында мусулман аалымдары: “Мусулман террорчу эмес, террорчу мусулман бойдон кала албайт”, - деген аксиоманы чыгарган.

XXI кылымда мусулмандар гана эмес, көрүнүктүү дүйнө лидерлерида исламдын экстремизм менен терроризмден алыс экенин айтып чыгышты.

Ислам терроризмди колдогон эмес, колдобойт дагы.

### ИСЛАМДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ

Кыргыз Республикасы ислам динине “сен мага тийбе, мен сага тийбейин” деген мамиледен алыстады. Учурда ажолорубуз макамына отурарадан мурун эл алдында Алла Таалanын аты менен ант берип жатат.

Өлкөбүздө дин эркиндиги так сакталгандыктан, мусулмандар өз динин кеңири жашап, жигердүү үйрөнүп-үйрөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Мусулман диний уюмдары түрдүү иш-чараларды уюштуруп, динибиздин аалымдары АКШ, Швеция жана Орусия сыяктуу мамлекеттерге чейин барып, мигранттарыбызга ислам тууралуу терең түшүнүк берип келе жатышат.

Мусулмандык жеке демилге менен миңдеген мечиттер салынып, куран курстары жана медреселерде диний илим берилүүдө. Мамлекеттик жана жеке менчик жогорку окуу жайларында дин таануу жана теология факультеттери ачылууда. Жергиликтүү жана чет олкөлүк аалымдар келип лекция өтүп жатат. Интернеттен ислам жөнүндө туура маалымат алам десең кыргыз, орус, англис жана башка кыргыздар билген тилдерде ондогон ресурстар бар.

Бул маалымат жана илим алууга тиешелүү нерселер экстремист жана террорчу болуп кетпес үчүн кыргыз мусулманына жетиштүү. Мындан сырткары, жогоруда белгилеп кеткендей, баланы канкор зөөкүргө айланткан психикалык травмаларды бербеш үчүн бир гана исламдык эмес, жалпы педагогикалык ыкмаларды да карап чыгуубуз керек.

500дөн ашык киши Сирияга кетти деп жатабыз. Ооба, биздин бир да атуул чоочун жерге, бөтөн бирөөнүн исламды жамынган улуттук, саясий, же топтук таламын талашып барбаш керек. Ал жактан адамдык сапаттардан толук ажыраган кан ичкич, же табытка салынган илме-тешик дене болуп кайтып келбеши керек.

Бирок туура эмес тарбиядан улам канча киши Кыргызстанда ууру-кески, канкор кылмышкер болуп кетти. Жөө жүргүнчүлөрдү, же башка айдоочуларды сыйлабай, жол эрежесин сактабай, канча киши кайтыш болуп, канчасы майып болуп жатат.

Мунун баарын карап чыгып ой жүгүрткөндө, кыргыздарга мээрим педагогикасы жетпей жатканын көрүүгө болот.

Марс Ибраев.
*Кыргызстан Ислам университетинин ректору.*

# Чек арачыларга дин боюнча сабак өткөрүлдү

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын 2018-жылга терроризмге каршы ишмердүүлүгүнүн комплекстүү планынын негизинде баардык чек ара бөлүктөрдө тиешелүү иш-чаралар өткөрүлүүдө.**



Ушул жылдын 25-январында КР МЧКнын Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгында өздүк курам менен Каракол шаарынын баш имам хатиби Сабриков Талант Ажы Кыргызстандагы диний кырдаал жана диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты реформалоо жөнүндө жана экстремизм, терроризм исламга тиешеси жок тууралуу сабак өтүү.

Сабак учурунда имам хатиб Сабриков Талант Ажы кайрымдуулук, биримдүүлүк, ынтымак тууралуу маселе айтып, терс диний агымдардан оолак болууга чакырды. Муну менен катар илим-акыйда, кыраат, фыкх тууралуу түшүндүрүлүп, сабак суроо-жооп форматында өттү.

“Ислам “тынчтык” дегенди билдирет. Исламдын маңызы менен руху мына ушунда. Тилекке каршы бүгүнкү күндө айрым бузукулар аны ар түрдүү талкуулап согуш, баскынчылык жана бүлгүнчүлүктүн дини катары жайылтууга аракет көрүүдө. “Пайгамбарыбыздын хадисинде” мусулман деген бул башка мусулмандарга колунан жана тилинен зыян тарпаган болсо ошол инсан чыныгы мусулман болуп саналат деген. Андыктан сиздер аскер кызматкерлери болгон соң чыныгы ислам жөнүндө түшүнүгүңүздөр терең болушу зарыл” – деди Талант Ажы.

Ошондой эле Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы күч түзүмдөрү менен биргеликте ар тараптуу иш-чаралар уюштурулуп, учурда “Ислам тынчтыктын жарчысы”, “Экстремизге каршы күрөшүү”, “Ислам терроризмге каршы” аттуу китеби коомго чыккандыгын имам хатиб кабарлады.

“Албетте, диний экстремизм менен терроризм өлкө коопсуздугуна чоң коркунуч келтирүүчү актуалдуу маселеге айланып турган учурда стратегиялык мааниси бар объектилерди көздүн каргенидей сактап өлкөбүздүн туруктуулугун, бейпилдигин сактоодо ар бир чек арачы өз салымын кошуп диний экстремизмге каршы туруусу учур талабы. Ушундай эле сабактар жоокерлер менен дагы өткөрүлөт” - деп билдирди 2028 аскер бөлүктүн башчысынын тарбия иштер боюнча орун басары полковник Т. Сооронбаев.



С. Абдыкариева.

# Биздин футболчулар байгелүү орунда

**2018-жылдын 3-январынан 9-январына чейин Бишкек шаарынын Кожомкул атындагы спорт сарайында “Наристе-2018” кичи футбол боюнча Эл аралык турнирине болуп өттү.**

Жыл сайын өтүүчү эл аралык салттуу мелдеште Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын курама командасы үчүнчү орунду ээлешкен. Дал ошол спорт чеберлеринин байгелүү орундардын бирин ээлеп, ведомстовонун намысын коргогон азаматтарды КР МЧКнын орун басары полковник К. Исаков борбордук апараттын өздүк курамынын алдында салтанатту түрдө сыйлыктарды тапшырды.

Негизи аталган турнир бир нече категориядагы футболисттер арасында уюштурулуп, мелдешке 35 жаштан 45 жашка чейинки футбол сүйүүчүлөрдүн ортосунда өтөт. Турнир Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан уюштурулуп өткөрүлдү. Жалпысынан турнирде 54 команда катышкан. Ал командалардын көчүлүгүн мамлекеттик органдардын, күч түзүмдөрүнүн оюнчулары түзүштү.

Дагы бир жагымдуу жаңылык Мамлекеттик чек ара кызматынын футзал боюнча курама командасынын төрт оюнчусу Кыргыз Республикасынын футзал боюнча спорттун чебери деген наамга татыктуу болушту. Жан дили менен берилип, оюндун майын чыгарып ойногон таланттуу оюнчулар: прапорщик Каирбек уулу Аскар, ефрейтор Мирлан Абдыкадыров, катардагы К-----Табалдиев, катардагы С----- Мамбеталиев көптөн күткөн күбөлүктөргө ээ болушту.

Биздин мыкты спорт чеберлерге сыйлыктарды тапшырып жатып полковник К. Исаков: “Силер өзүңөрдүн мисалыңарда чыныгы ийгиликке кужурмөн эмгектин арты менен жетишүү мүмкүн экенин далилдедиңер. Мыкты даярдыктын артынан чек арачылардын намысын коргоп, ар дайым байгелүү орундарга жетишкениңиздер баарыбызды кубандырат, жана спорт менен машыгууга шыктандырат. Андыктан мындан ары дагы жалаң гана бийиктиктерди багынткыла” – деп билдирди.



Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын жетекчилиги тарабынан да «Нарисnear-2018» турниринин женүүчүлөрү жогорку чеберчилиги жана жеңишке жетүүгө койгон эрктүүлүгү үчүн диплом жана акчалай сыйлыктар менен сыйлашты.

“Кыргыз Республиксынын Мамлекеттик чек ара кызматынын футзал боюнча курама командасы бул мелдешке акыркы 4 жылдан бери тынбай катышып келет. Биздин команда бул эл аралык оюндарда 2015, 2016, 2017 жылдары жеңишип чемпиондук наамды бербей келген” – деп билдирди команданын башчысы полковник Нурлан Кушубеков.

С. Абдыкариева.




# Үшүк алып кетпесин!

**Учурда Кыргызстанда катуу суук болуп жатат. Дене мүчөлөрдү суукка алдырып жибербөө үчүн бир катар эрежелерди сактоо керек**

**Кыргызстанда 26-январдан февраль айына чейин чейин кескин суук болорун Кыргызгидромет маалымдады. Чүй облусунун түндүгүндө 30 градуска чейин суук болот. ӨКМдин даярдоо жана кайра даярдоо борборунун турмуш-тиричиликтин коопсуздугу кафедрасынын жетекчиси Чыңгыз Ногойбаев суукка тоңуп калбоонун жолдорун айтып берди.**

### САКТЫКТА КОРДУК ЖОК

Баш тоңуп калбашы үчүн жылуу топу кийип, моюнду жылуулоо керек. Сыртка чыгарда курсакты тойгузуу керек. Анткени ачка жүргөндө организмге энергия жетпей суукка туруктуу боло албайт.

Спирт ичимдиктеринен алыс болгон жакшы. Себеби, спирт кишинин үшүгөнүн сездирбейт. Ошондой эле тамеки да тартпаш керек. Анткени кан тамырлар ичкерип, кан жакшы айланбай калат. Ногойбаевдин айтымында, чылым чеккендер үшүк алып кетчү кишилердин катарын толуктайт.

Абанын температурасы 15 градуска чейин төмөндөгөндө терини үшүк алып кетүүдөн коргоо керек. Дүкөндөрдөн жана дарыканалардын атайын крем, бальзам, майларды алып колдонсо болот.

"Курамында суусу бар косметикалык каражаттарды колдонууга болбойт. Ошондой эле нымдуулукту кармай турчу кремдерди колдонбой турган оң. Анын ордуна терини азыктандыруучу кремди колдонуңуз. Кремди сүйкөгөндөн кийин 10-15 мүнөттөн соң сыртка чыгуу керек", — деди Ногойбаев.

Суук 20 градуска жеткенде 20 мүнөт сайын жылынып туруу зарыл. Ошондой эле жылуу кийингенди унутпаш керек.

### ЭГЕР ҮШҮК АЛЫП КЕТСЕ КАНТИП ЖАРДАМ БЕРҮҮ КАЖЕТ

Денеңиздин бир жерин үшүк алып кетсе, ал жерди басканда сезбей, сайгылашып чымырап чыгат. Үшүк алуунун үч деңгээли бар:

- ✓ биринчи — үшүк алган тери кубарып чыгат
- ✓ экинчи — ыйлаакча пайда болот
- ✓ үчүнчү — тери көгөрүп калат

Экинчи жана үчүнчү деңгээлде үшүк алганда тезинен дарыгерге кайрылуу керек. Биринчи деңгээлде үжылуу бөлмөгө кирип, үшүк алган жерди жылуулукту кармап туруучу кездеме менен таңуу керек. Мисалы, калың даки же кебезди коюп, үстүнө клеенка ороо кажет.

"Үшүк алган колду же бутту ваннага салып, суунун температурасын 20 градустан 40 градуска чейин акырындык менен жогорулатып, аны ушалап 40 мүнөттөй кармаш керек. Андан кийин жылуу чай же башка суусундук ичсе болот", — деди Ногойбаев.

Ошол эле учурда организмдин жалпы абалын көзөмөлдөп туруу керек. Анткени экинчи же үчүнчү деңгээлдеги үшүктүн белгилери пайда болушу ыктымал.

### ҮШҮК АЛГАНДА ЭМНЕ КЫЛБАШ КЕРЕК

Адистин айтымында, көпчүлүк киши үшүк алган жерди ушалап сүртүш керек деген ойдо. Бирок ал туура эмес. Анткени үшүк алган жердеги кан тамырлар морт болуп калгандыктан аларга зыян келиши толук мүмкүн.

Жарака кеткен жерден түрдүү инфекциялар кирип кетиши ыктымал.

Үшүк алган жерди дароо ысытып жиберүүгө да болбойт. Анткени үшүк алган жердин эти жабыркашы мүмкүн.

Гезит ээси КР Мамлекеттик чек ара кызматы
Чегарада / На границе

Редактор
Абдыкариева Салкын
Тел.: 54-28-99

2003-жылдан бери жарыкка чыгат.
Сунуштарыңыздарды жана ой-пикирлериңиздерди гезиттин chegarada@gmail.com дарегине жөнөтсөңүздөр болот
Гезит редакциянын компьютердик бөлүмүндө терилип жасалды.

Гезит Адилет министрлигинен каттодон өткөн. Күбөлүк №813
«ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Буйуртма 156. Нускасы 4000.